**УДК: 378.14**

**Темирбаев Бердигул**
т.и.к., доцент
Кыргызстан эл аралык университети
**Темирбаев Бердигул**
к.и.н., доцент
Международный университет Кыргызстана
**Temirbaev Berdigul**
Ph.D of history
International university of Kyrgyzstan
e-mail: tunuk-temirbaev@mail.ru

# КЫРГЫЗДАРДЫН 1916-ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШҮ ЖАНА ОРУС ПАДЫШАЧЫЛЫГЫНЫН АГРАРДЫК САЯСАТЫ.

# АГРАРНАЯ ПОЛИТИКА РОССИЙСКОЙ ИМПЕРИИ И НАЦИОНАЛЬНО-ОСВОБОДИТЕЛЬНОЕ ВОССТАНИЕ КЫРГЫЗОВ 1916 ГОДА.

# THE AGRARIAN POLICY OF THE RUSSIAN EMPIRE AND NATIONAL-LIBERATION REBELLION OF KYRGYZ 1916 YEAR.

***Аннотациясы:*** *Бул макалада 1916 жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн негизги себептери каралган. Орус империясынын агрардык саясатынын жүрүшүнө баа берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *Падышачылык, улуттук боштондук көтөрүлүш, революция, колониалдык эзүү.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются основные причины национально-освободительного восстания кыргызов в 1916 году, и предоставлен анализ аграрной политике Российской империи.*

***Ключевые слова:*** *Аграрная политики царизма, национальная освободительная борьба, революция, колониальный режим.*

***Annotation:*** *This article discusses the main causes of the national liberation of Kyrgyz in 1916. And provided analysis of policy of the Russian Empire.*

***Key words:*** *the agrarian policy of the tsars, the national liberation struggle, revolution, the colonial regime.*

Кыргызстандын тарых илиминде 1916-жылдагы улуттук боштондук ар кандай өңүттө изилденип келет. Улуттук боштондук көтөрүлүштүн келип чыгуусу боюнча көптөгөн ар түрлүү пикирлердин айтылганын көрүүгө болот. Ошондой көз караштардын негизги бутагы болуп орус падышачылыгынын агрардык саясаты экени көрүнүп турат.

XVI-кылымдан тартып эле падышалык Россия ээлигин кенейтүү максатында чыгышты карай аскердик жортуулдарды жүргүзө баштаган. Адегенде, 1552-1556-жылдары Казан, Астрахан хандыктарын, андан кийин Сибирь, 1828-1878-жылдары кавказ элдерин каратып алууга жетишет. Ал эми Россиянын Кыргызстанга көз артуусу 1825-жылдан тартып Ысык-Көл жээгин чалгындоо менен баштаган[1].

Россиянын жаш, жаңыдан бутуна туруп келе жаткан капитализм үчүн Орто Азия анын ичинде Кыргызстан бекер, арзан чийки заттын (сырьенун) булагы болуп саналганы белгилүү. Бул туурасында орус саясатчысы П.П.Семеновдун төмөнкүдөй эскерүүсүн эске

[1] *Путешествие в Тянь-Шань в 1856-1857 годах (--) т.*

алсак болот. "Келечекте орус дыйкандарын көчүрүп келүө зарыл, биякта жаратылыш, жер ресурссу кенири, Урал-Оренбург-Иртыш чектеш тургандыктан чек араны Орто Азиянын түштүкө жылдыруу Россиянын милдети"-деген ойун айткан[1]. Демек, жердин асылдуулугун, чийки заттын(сырьенун) бекемдигин баамдаган орус империясы өзүнүн кыйды саясатын 1916-жылга чейин эле бир кылым мурда баштаган. Натыйжада, орус падышачылыгы адегенде чалгындоо, андан соң жерлерди ээлөө менен агрардык, оторчулук( переселение) саясатты ырааттуу жүргүзүүгө киришет. Мындай жашыруун иш чаранын жүрүшүнө 1861-жылдагы Россиядагы Столыпиндик реформанын, крепостнойлук укуктун жоюлушу, дыйкандардын жеринин бештен бир болүгүнүн помещиктердин колуна өтүшүнө түрткү берген.

Ал эми Кыргызстанда бай-манаптардын (феодалдар) ич ара келишпестиги дагы жерлерди басып алууга шарт түзгон. Аран турган орус падышалыгы үчүн кыргыз уруу башчыларынын чыр чатактары (бугу-сарыбагыш) колониялык процессти тездеткен.

Кыргызстандын жерлерин тартып алуу 1917-жылдагы Октябрь революциясына чейин улана берди. Мисалы, 1913-жылдын акырына чейин Түркстан крайынын Жети-Суу областында керектүү делинген 4.193.520 теше жер тартылып алынат[2]. Ал эми 1914-жылга чейин Кыргызстандын түндүгүндө Пржевальск жана Бишкек уездеринде келген орустардын 41 поселкасы, казак-орустардын эки станциясы орнотулган. Алар, 1914-жылга чейин кыргыз калкынан 712.089 теше жерди тартып алышкан. Кыргызстандын түштүгүндө болсо 1914- жылга чейин Ош жана Жалал-Абад аймагынан кыргыздардан 81 мин теше жерди тартып алышкан. Тартылып алынган жерлердин бир бөлүгү казнага өтсө, экинчи бөлүгүн орус падышачылыгы колониялдык фонд катары пайдаланып, журт которгон дыйкандары менен казактарга беришкен. Натыйжада, орус падышачылыгы жаны жерлерге ээлик кылуу максатында жетишкен. Биринчиден, Россия борбордук райондорундагы жери жок дыйкандардын санын азайтуу менен помещиктердин ээликтерин сактап калышкан. Экинчиден, агрардык карама-каршылыктарды жоюу менен чийки заттын( сырьенун) жаны булагына ээлик кылууга жетишкен. Үчүнчүдөн, орус падышачылыгы арзан жумушчу күчтөрүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Тарых алдында, орус империясынын жер тартып алуу саясаты мыйзамдуу жана адилеттү жүргүзүлгөнбү - деген суроо турат? Бул маселе, чындыгында объективдүү, тарыхый изилдөөнү талап кылат. Болбосо 1916-жылдагы элдерди кыргынга алып келген улуттун эзуудөн баш тарткан көтөрүлүшү болмок эмес. Көрсө адилеттүүлүктүн башы көтөрүлүшкө чейин эле айтыла баштаганын көрүүгө болот. Мисалы, 1909-жылы граф Палендин Түркстан крайын ревизиялоо жөнүндө отчетунда кыргыздардын жерин тартып алуу "колдонулуп жаткан законго туура келбейт, чындыгында адилетсиз жүргүзүлгөн, мындай ыкманын Жети-Суу областында колдонулушу экономикалык жагынан зыяндуу, саясий жагынан коркунучтуу "-деп[3] өз убагында билдирүүгө аргасыз болгон. Бирок, бул маселеге өз убагында көнүл бурулган жок, тескерисинче, талап-тоноо улана берген. Түркстан крайынын генерал-губернатору Куропаткин 1916-жылы көтөрүлүшкө чейин төмөнкүдөй маалыматты жазганы белгилүү. "Колдонулуп жаткан закон боюнча көчмөн турмуштагы кыргыздардын азыркы пайдаланылып жаткан жерлери мамлекетке караштуу, эгерде ашыкча жерлер боло турган болсо казынанын карамагына өтүшү зарыл." Демек, өзүнүн билдирүүсүндө Куропаткин жергиликтүү элге терен маани берген эмес. Кыргыздардын жашоосуна көнүл бурбастан тартипсиздикке жол берүү менен жерлерди ойкелди тартууга барганы корүнүп турат. Мисалы, Жети-Суу областы боюнча

---

*[1]Путешествие в Тянь-Шань в 1856-1857 годах (--) т.*

*[2] Кыргыз улуттук илимдер академиясынын кол жазмалары фонду ( КУИА КЖФ) инв.№1519.с.33*

*[3]Архиви Средней Азии. Дело Туркестанское генерал-губернаторство. Дело №75. Ташкент ., 1909.*

1.800 теше жер баш аламан бөлүнгөн. Анын бир далили Верный ( Алма-Ата) шаарынын полицмейстери Протиков деген адамга 7 мин теше жер жон эле мыйзамсыз берилген.

Орус колонизаторлорунун эзүүсү кун сайын жанырып, адамдардын абийирине шек келтирүү менен коштолду. Айрыкча, кулактар, соодагерлер копос байларга айланып жергиликтүү кыргыздарды адам катары санабай, алардын укуктарын тебелеген.”Кыргыздан тартып алган жерге заара кылган кыргыздарды кармап алып аябай сабап, тезегин тебетейине салып, канжыгасына байлап, эки колун аркасына танып, атынын тизгинин чылбырын мойнуна туруп айдап да жиберищкен. Эгерде, келген кулактардын малдары жоголгон болсо арыз жаздыртып, баасы коюлуп кыргыздар төлөп берсин деген чечимдер чыгарылган.”[4] Аргасыздан жоголгон малды эл төлөөгө мажбур болушкан. Кыргыздардын малы түзгө качып орус дыйкандарын колуна тушсө “чычты, сийди”- деген жалаа менен малдын ээсин сабоого алышкан.Демек, жеринен айрылган кыргыздар үчүн эркиндикке чыгуудан башка жол жок болчу. Кулактар күн сайын ар кандай (штраф) айыптарды салышып кысым көрсөтүшкөн. Айыптардын өлчөмү (размери) аныкталган эмес. Жергиликтүү элдин малы колго түшсө бодо малдын ар башына 20 копеектен 5 рублге чейин айып төлөтүшкөн[5]. Айрыкча биринчи дүйнөлүк (1914ж) согуш учурунда кыргыздардын абалы аябай оорлоп, элдин кыжырдануусу күч алган. Согуш жылдары эгин аз эгилгендиктен түшүм алуу эки эсеге азайган. Анын үстүнө малдын саны кыскарып, продукция өндурүүдө азык-түлүк маселеси пайда болгон. Мисалы, жалан гана согуштук керектөөлөр үчүн Жети-Суу областынан жыйналган мал чарбасынан өндүрүлгөн азык-түлүктөрдүн наркы 65млн.рублге жеткен. Базар баасы өсүп, алык-салыктардын, ар кандай ыгым-чыгымдардын өлчөмү көбөйгөн. Ал эми падышалык чиновниктер болсо согушту шылтоолор жергиликтүү элден малдарды, кийим-кечелерди жыйнап кыйынчылыктарды жараткан. Ал түгүл аскерге кеткен орус дыйкандарынын ордуна, алардын чарбасына кыргыздарды күчтөп иштетишкен.

Жалпылап айтканда, орус падышачылыгынын колониялдык эзүүсү анын ичинде агрардык саясаты кыргыздардын социалдык абалын начарлатып эзүүнүн оор түрүнө айланган. Жеринен, эркинен ажыраган кыргыз эли боштондук үчүн күрөшүүгө аргасыз болгон.

**Адабияттар**

1. Путешествие в Тянь-Шань в 1856-1857 годах (--) т.
2. Кыргыз улуттук илимдер академиясынын кол жазмалары фонду ( КУИА КЖФ) инв.№1519.с.33
3. Архиви Средней Азии. Дело Туркестанское генерал-губернаторство. Дело №75. Ташкент ., 1909.
4. Махбутбекова М. Кыргызстандагы улуттук боштондук которулуш. Бишкек , 1996., 33бет
5. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии.-Фрунзе , 1964.,с.95

[4]*Махбутбекова М. Кыргызстандагы улуттук боштондук которулуш. Бишкек , 1996., 33бет*